КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ДОЛОНО АЙЫЛ КЕҢЕШ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
ДОЛОНСКИЙ АЙЫЛ КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2022-ж. 18-октябрь №38 Таш-Арык айылы

**_Жер участогун которуу (трансформациялоо) жөнүндө_**

Мал чарбасын өнүктүрүү максатында кашар жана чабан үй курууга Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 токтому менен бекитилген "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө" убактылуу жобону карап көрүп, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 18-беренесине ылайык, Долоно айыл кеңеши **токтом кылат:**

1. Долоно айыл аймагынын административдик чегиндеги "Бапандын алды" участогунун №823 чөйрө сызыгындагы 0,10 га жер участогуна мал чарбасын өнүктүрүү максатында кашар жана чабан үй куруу үчүн "Запастагы жерлер" категориясынын жайыт жерлер түрүнөн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынын курулуш алдындагы жерге которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.
2. Жерлерди бир категориядан башкасына же чарба жеринин башка түрүнө которуу (трансформациялоо) жөнүндө жерге жайгаштыруу көктөмөсүн даярдоо жогоруда аталган мыйзамдарга ылайык жүргүзүлсүн.
3. Жерлерди бир категориядан башкасына которуу (тарнсформациялоо) боюнча тиешелүү корутундуларды алуу, тиешелүү иш кагаздарды бүтүрүү жагы Долоно айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Касымовко жүктөлсүн.

Төрага Т.Абдышов